**УДК 372.881.1**

**Абдыкадырова Мая Байсаловна**
*АДАМ университети*
*педагогика илимдеринин кандидаты, Бишкек ш., Кыргыз Республикасы*
*e-mail: abdykadyrova.maya @ mail.ru*

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА MOODLE СИСТЕМАСЫН КОЛДОНУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Корутунду.*** *Макалада Университеттин окуу процессинде Moodle дистанттык сервис кызматтарын колдонуунун айрым мүмкүнчүлүктөрү каралган. Адам университинин студенттерине «Кыргыз тили» дисциплинасын окутууда Moodle колдонуу тажрыйбасы берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, дистанттык (аралыктан) окутуу, дистанттык технологиялар, дистанттык (аралыктан) окутуу системасы, Moodle.*

# ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ СИСТЕМУ MOODLE В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ

***Аннотация:*** *Описаны некоторые возможности по использованию сервисов дистанционной среды Moodle в образовательном процессе вуза. Представлен опыт применения Moodle в обучении студентов Университета Адам по курсу «Кыргызский язык».*

***Ключевые слова:*** *информационно-коммуникационные технологии, дистанционное обучение, дистанционные технологии, система дистанционного обучения, Moodle*

# SPECIFICALITIES OF USING MOODLE PLATFORM IN TEACHING KYRGYZ LANGUAGE

***Abstract.*** *This article describes some of the possibilities for using the distance environment Moodle in the university educational process. The experience of using Moodle in training students at the Adam University for the course «Kyrgyz language» is presented.*

***Key words:*** *information and communication technologies, e-learning, distance technologies, distance training, Moodle.*

Учурда дүйнө жүзү боюнча жүрүп жаткан COVID-19 пандемия шарттары Кыргызстандагы бардык окуу жайларды салттуу окутуу формасынан окутуунун онлайн форматына өтүүгө мажбурлады.

Замандын талабына ылайык электрондук окуу жана дистанттык (аралыктан) билим берүү технологиялары Адам университетинин окуу процессине кеңири киргизилди.

Биздин окуу жайдын окуу процесси синхрондук (түздөн-түз: Zoom платформасы) жана асинхрондук (тапшырмаларды жиберип, кайра алып текшерүү: Moodle, AVN порталдары) электрондук форматтардын жардамы менен жүзөгө ашырылды.

Билим берүүдө маалыматтык - коммуникациялык технологияларды (МКТ) колдонуу окуу процессинин интенсивдүүлүгүн жана сапатын жогорулатууга өбөлгө болгон факторлордун бири. Алар:

- окуу материалдарынын интернет аркылуу студенттерге жеткиликтүү болушун;
- студенттер жана окутуучунун өз ара байланыш кызматтарын;
- билим алуу процессинде студенттердин жетишүүсүн көзөмөлдөөнү;
- студенттердин алган билимин баалоону жана башкаларды камсыз кылышат.


Окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында окуу жайдын администрациясы бекиткен ырааттамасы боюнча Zoom программасынын жардамы менен сабактар өтүлдү. Окутуучу студенттер менен белгиленген убакытта түз байланышта болуп, теманы да түшүндүрө алып, кайтарым байланышты да жүргүзө алды. Ошол эле учурда студенттер аткарылган тапшырмаларды окутуучуга ар кандай форматтагы тиркелген файлдар аркылуу текшерүү үчүн кайра Moodle программасы аркылуу жөнөтүшөт, окутуучу аткарылган ишти баалап жана комментарийлерди бере алат. Студенттер өздөрүнүн баасын дагы ошол Moodle дан көрө билишет. Демек, Moodle окутуу материалын түзүүнүн жана окуу процессинин катышуучуларынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн борбору болуп саналат.

Moodle (Modular Object-Oriented Dynamic Learning Environment, модулдук объекттик - багыт алуучу динамикалык окутуу чөйрөсү) - окутуучу менен студенттердин ортосундагы өз ара аракеттенүүнү уюштурууга багытталган окутууну башкаруунун эркин системасы. Бул систем аралыктан окутуу үчүн керектүү болгон көп куралдарды сунуштайт.

Moodle системасы студент үчүн ыңгайлуу убакта окууга, дисциплинаны өз алдынча өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет, студенттерге окуу материалдарына: практикалык курска, контролдук, тесттик тапшырмаларга, электрондук китепканага күнү - түнү жеткиликтүүлүктү камсыз кылат.

Кыргыз тили боюнча курсту өздөштүрүүнүн ар бир жумасы өзүнчө секция катары берилген, бул аны окутууну аралыктан уюштурууда ыңгайлуу кылат жана студентке окуудагы ишмердүүлүктү туура пландоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Moodle системасында иштелип чыккан «Кыргыз тили» курсу модулдук структурага ээ жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт (сүрөт 1):




**Сүрөт 1**


Сүрөт 1 жумушчу программа - бул курс жөнүндө толук түшүнүк алууга студенттерге мүмкүнчүлүк берет:

- модулдардын темалары, окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү, формалар жана отчеттуулук мөөнөттөрү;
- форум - окутуучунун студенттер менен аралыктан кеңешүүсү жана
- аралыктан баарлашуусу үчүн арналган;
- глоссарий - курс боюнча маалымдама материалдарды;
- окуу модулдары - окуу программасына ылайык келген структураланган окутуу маалыматтарды;
- студенттин өз алдынча ишин аткаруу үчүн методикалык колдонмо;
- жыйынтыктоочу тест - дисциплинанын аягында жыйынтыктоочу алган билимдерин текшерүү;
- сунушталган адабияттар (кошумча маалымат булактарына шилтемелер).

Ар бир окуу модулу өзүнчө темага арналган жана төмөнкү ресурстардан турат:


- лексика-грамматикалык темалар (презентация түрүндө);
- практикалык иштер;
- теориялык материалдарды бекемдөөгө арналган тапшырмалар;
- студенттердин өз алдынча иши боюнча кошумча маалыматты камтыйт.

Ар бир модулдук темадан кийин өтүлгөн сабакты бышыктоо үчүн тапшырмалар берилет. Ошондой эле студенттер аткара турган тапшырмалардын түшүндүрмөсүн салып, баалоо рубрикаларын, критерийлерин (сүрөт 2) жазып, жүктөп койсо болот.




**Сүрөт 2**


Курстун жыйынтыктоочу баасы окутуучу эсептөөгө зарыл деп эсептеген ар бир сунушталган модуль боюнча бардык иштердин жыйынтыктарына негизделет. Moodle



системасы таблица түрүндө сыноо жыйынтыктарын тууралуу толук маалымат берет. Башкача айтканда, ар бир студенттин ар бир суроого берген жообун, жаңылган жана туура жоопторун жана жыйынтык баасын көрсөтөт. Андан тышкары, жалпы сыноонун жыйынтыктарын диаграмма (сүрөт 3) түрүндө көрсөтүлөт.

**Сүрөт 3**

Moodle программасынын артыкчылыгы студенттердин окуу ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүүнүн статистикасын топтойт, жалпылаштырат жана системалаштырат. Тактап айтканда, Moodle ар бир студенттин портфолиосун түзөт жана сактайт: студент тарабынан аткарылган бардык иштер, окутуучунун баалары жана комментарийлери, форумдагы билдирүүлөр, студенттердин сабакка катышуусун жана активдүүлүгүн, интернеттеги окуу иштеринин убактысын көзөмөлдөйт.




Мындай маалымат окутуучуга ар бир студент үчүн оптималдуу билим берүү траекториясын ишке ашырууга, алардын билим берүү ишмердүүлүгүнө өз убагында таасир этүүгө, окуу проблемаларын ондоого мүмкүндүк берет.

Жыйынтыктап айтканда, Moodle системасын жогорку окуу жайлардын окуу процессинде колдонуу студенттерди даярдоону активдештирүүгө гана мүмкүндүк бербестен, алардын мындан аркы өз алдынча билим алуусуна бекем пайдубал түзөт.

## Колдонулган адабияттар


1. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-басылышы.- Б.: Бийиктик, 2011
2. Быков В.Е., Кухаренко В.Н., Сиротенко Н.Г. и др. Технология разработки дистанционного курса: учебное пособие / под ред. В.Е. Быкова и В.Н. Кухаренко. - Киев, 2008.
3. Коржуев А.В., Попков В.А. Традиции и инновации в высшем профессиональном образовании. - М., 2003.
4. Кравченко Г.В., Волженина Н.В. Работа в системе Moodle: руководство пользователя: учебное пособие. - Барнаул, 2012.
5. Муратов А.Ж. Окутуунун жаңы технологиялары. - Б., 2017
6. Суеркулова З.Т. Опыт внедрения элементов e-learning в учебный процесс / Ч.А. Иманалиева, З.Т. Суеркулова // Экономика. Управление. Образование. – 2019. – № 2(9). – С. 102-108.

**УДК 372.882**

**Абдырасулова Эльмира Кыдырмаевна**
*И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын кыргыз тили кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,*
*Бишкек ш., Кыргыз Республикасы*

# АДАБИЯТСАБАГЫН ОКУТУУДАГЫӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

***Корутунду.*** *Азыркы күндө адабият сабагынын мугалиминин алдында студенттерге адабияттын көркөм жана бай дүйнөсүн ачып берүү, андан өзүнө керектүү нерселерди табууга жардам берүү, билимдүү адам үчүн адабиятсыз жашоо мүмкүн эместигин көрсөтүү сыяктуу өтө зарыл жана татаал маселелер турат. Мындай маселелерди мугалимдер бардык мезгилдерде чечип келишкен, бирок бүгүнкү күндө бул маселе өтө жогорку чекке жетти.*
***Негизги сөздөр:*** *педагогика, инновация, сабакка даярдануу, кыргыз адабияты, баалоо, эффективдүү ыкмалар*

# ОСОБЕННОСТИПРЕПОДАВАНИЯЛИТЕРАТУРЫ

***Аннотация.*** *Сегодня учитель литературы сталкивается со многими важными и трудными проблемами, такими как раскрытие учащимся богатого художественного мира литературы, помощь им в поиске того, что им нужно, и демонстрация того, что образованный человек не может жить без литературы. Учитель всегда решал такие задачи, но сегодня эта проблема достигла очень высокого уровня.*
***Ключевые слова:*** *педагогика, инновации, подготовка к урокам, кыргызская литература, оценивание, эффективные методы.*

# FEATURES OF TEACHING LITERATURE

***Abstract.*** *Today, a literature teacher is faced with many important and difficult problems, such as revealing to students the rich artistic world of literature, helping them find what they need, and demonstrating that an educated person cannot live without literature. Teachers have always solved such problems, but today this problem has reached a very high level.*
***Key words:*** *pedagogy, innovation, preparation for lessons, Kyrgyz literature, assessment, effective methods.*

XXI кылым, бир жагынан, илимий жана техникалык жогорку жетишкендиктер менен коштолсо, башка жагынан, көркөм жана интеллектуалдык табиттин деңгээлинин төмөндөшү менен белгиленди. Коомдук жашоодогу өзгөрүүлөр, баарынан мурда окуу процессинин субъектиси болгон студенттерге байланыштуу мугалимдердин алдына жаңы талаптар коюлуп жатат. Адабият жаңы маалыматтын, жаңы таасирлердин башкы булактарынын бири болгон, дал ушул көркөм адабият фантазия үчүн азык болгон мезгил артта калды. Бүгүнкү күндө студенттин карамагында жаңы дүйнөнү ачууга, анын чектерин кеңейтүүгө мүмкүндүк берген толтура ыкмалар бар. Жыл сайын класстарды толуктаган өспүрүмдөр таң каларлыктай өзгөрүшөт, пикир алмашуунун стили, кумирлери, окуунун чөйрөсү алмашып башкача боло баштайт. Бир канча жылдар мурда Айтматовдун «Кыяматын» окуучу

монитордун экранынан окуйт деп, же мугалим Интернеттен «көчүрүлгөн» дил баянды текшерет деп ким ойлоптур!

Акыл үчүн (жетик жана шыктуу, жана да жалкоо, тандабаган) азык боло турган ар кыл ассортименттери менен телекөрсөтүү, глобалдуу тармагы аркылуу бүткүл аалам менен байланышка чыгууга мүмкүндүк берүүчү компьютер - албетте, адамзаттын бул жетишкендиктери абдан маанилүү жана окуучулардын буларды активдүү өздөштүрүп жатышы эң сонун. Бирок, маалыматтын жана таасирлердин мындай ар кыл булактарында окуучулар адабияттын дүйнөсүнө болгон жолду унутпашын каалар элек.

Окуучулар да, биз да, курчап турган дүйнөнү башкача ойлоно, түшүндүрө, кабыл ала жана түшүнө баштадык. Мугалимдин да ролу өзгөрдү. Муну моюнга алуу канчалык оор болбосун, биз бүгүн окуучулар үчүн маалыматтын жалгыз булагы эмеспиз.

Мугалим мындай кырдаалда эмне кылышы керек, классикалык адабияттын дүйнөсүнө, чыгармада көтөрүлгөн проблемага окуучуларды кантип тартышы керек, чыгарманын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн, автордун чыгармачылык изденүүлөрүн гана тааныпбастан, өздөрүн дагы таанууга, инсан катары адабиятты кабылдоого балдарды кантип үйрөтүшү керек? Жалкоо гана акыркы мезгилдерде сабаттуулуктун туруктуу төмөндөшүн жана балдардын окууга болгон кызыгууларынын жок болуп бара жатканын көрбөшү мүмкүн. Ал эми азыркы окуучуларды мажбулоого, зордоого болбойт. Эми мугалим окуу китеби жана билимдердин зор багажы менен арткы планга чыгып калгандай көрүнөт.

Мектептин дисциплиналарынын арасында адабият өзгөчө позицияны ээлейт, анткени ал предметтин спецификасы жана аны окутуунун максаттары менен шартталган. Бир жагынан, адабият сабактарында адеп-ахлактуулуктун, эстетикалык табиттин, жүрүм-турум маданияты менен мамилелердин негиздери түптөлөт, башка жагынан, окуучулардын билимдерине нормалар жазылган жеткиликтүү так билим берүүчүлүк стандарттар бар. Адабият мугалиминин милдети мында турат, сабакта ар бир окуучуга жүрөгү жана акылы менен таттуу мамиледе болушу керек.

Кандай гана инновациялар киргизилбесин, сабакта гана, жүз жана миңдеген жылдардан бери билим берүү процессинин катышуучулары: мугалим менен окуучу кездешерин моюнга алуу зарыл. Алардын ортосунда (дайыма) билимдердин океаны жана карама-каршылыктардын рифтери бар. Бул нормалдуу көрүнүш. Кайсы гана океан болбосун толкундары менен каршы чыгат, тоскоол болот, бирок аны жеңгендерди дайыма алмашып турган пейзажы, чексиз горизонту, өз тереңдигинин туңгуюк жашоосу жана капысынан көрүнгөн жээктери менен сыйлайт.

Сабак - билим берүү процессинин негизги составдык бөлүгү. Мугалим менен окуучунун окуу ишмердүүлүгү сабакка багытталат. Ошондуктан тигил же бул окуу дисциплинасы боюнча окуучулардын даярдыгынын сапаты көпчүлүк учурда сабак өтүүнүн деңгээли менен аныкталат. Ар бир мугалимдин устаканасында окутуунун жогорку деңгээлин колдоого мүмкүндүк берүүчү ар түрдүү ыкмалар менен каражаттардын көп саны бар. Билим берүү процессине коррективаларды киргизүүнүн мезгили келди, андыктан ар бир мугалимдин методикалык каражаттарынын арсеналы дайыма толукталууда. Заманга ылайык билим берүү технологияларына ээ болуу жана аларды өз практикасына сиңирүү мугалимдин ийгилигинин милдеттүү зарыл шарты болуп саналат.

Сабакка даярданууда жана өтүүдө азыркы мектептин ар бир педагогу үчүн төмөнкү принциптер негизгилери болушу керек:

- Сабак - бул ачылыш, чындыкты издөө жана түшүнүү. Азыркы сабактын стратегиясы билимдерди жөнөкөй берүүнүн чектеринен ашып түшөт. Билим анын мазмуну гана болуп саналат, негизги натыйжа – интеллекти өнүктүрүү жана билим берүү процессинин ар бир катышуучусун рухий жактан байытуу;
- Сабак - ар бир баланын жашоосунун бөлүгү, бул бөлүк жогорку жалпы адамзаттын маданиятынын деңгээлинде ишке ашышы керек. Эгер сабакта жашоонун бир тарабына жарык берген чындык окутулуп жатса, демек, жашоонунун өзү окутулган болот. Мындай мамиледе окутууга окуучунун мамилеси өзгөрөт, окутуу процесси конструкцияланат;
- Сабакта жогорку баалуулук болуп адам саналат. Тарбиялоонун гумандаштыруу – «мугалим-окуучу» системасында мамилелердин өзгөрүшүн талап кылган жаңы педагогикалык ой жүгүртүүнүн негизги элементи – ишенимдин атмосферасын орнотуу, баланын инсандыгын урматтоо жана аны менен кызматташуу.

Бул принциптердин бардыгы азыркы мектепте ишке ашырылуучу билим берүү технологияларынын негизине жатат. Педагогдордун кээ бирлери аны куралданууга алып, ишке коркпостон колдонушат, башкалары кылдат изилдешет, өз сабактарынын структурасына кылдаттык жана акырындык менен киргизишет.

Инсанга багытталган өнүктүрүүчү окутуунун технологияларын изилдөө жана иликтөөнүн натыйжасында жасалган айрым байкоолор жана тыянактар менен бөлүшкүм келет.

Бул технологияда бала тарабынан ээ болунган тиричилик аракеттин субъективдик тажрыйбасы катары өнүгүүнүн факторуна өзгөчө маани берилет.

**Максаттарга басым**

- Ар бир баланын жекече таанып билүүчүлүк көндүмдөрүн өнүктүрүү
- Баланын жекече (субъектилик) тажрыйбасын максималдуу ачып берүү
- Мурдатан берилген сапаттарга өзүн калыптандырууга эмес, өзүн таанууга,өз тагдырын өзү чечүүгө жана өзүн өзү ишке ашырууга жардам берүү.

**Мазмундун өзгөчөлүктөрү**

Инсанга багытталган окутуунун технологиясы нормативдик-ылайыктык ишмердүүлүк катары түшүндүлгөн окутуу менен ар бир баланын жекече маанилүү ишмердүүлүгү катары түшүндүлгөн окуунун айкалышынын өзүндө көрсөтөт.

Анын мазмуну, методдору, ыкмалары бирдиктүү окуу (таанып билүүчүлүк) ишмердүүлүгүн уюштуруу жолу аркылуу ар бир окуучунун субъектилик тажрыйбасын ачып берүүгө жана пайдаланууга, таанып билүүнүн инсандык-маанилүү ыкмаларынын калыптанышына жардам берүүгө багытталган.

**Методиканын өзгөчөлүктөрү**

Билим берүү процесси окуучу менен мугалимдин окуу диалогунда курулат. Анткени программалык ишмердүүлүк бирдиктүү конструкциялоого багытталган. Мында окуу материалынын мазмунуна, түрү менен формасына баланын жекече тандоосун, анын мотивациясын, окутууда берилбеген, кырдаалдарда, өз демилгеси боюнча, өз алдынча алынган билимдерди пайдаланууга болгон умтулуусун сөзсүз эске алуу зарыл.

Инсанган багытталган окуу процессинин технологиясы окуу текстин, дидактикалык материалды, аны пайдаланууга методикалык сунуштарды, окуу диалогдорунун типтерин, билимдерге ээ болуунун жүрүшүндө окуучунун инсандык жекече өнүгүүсүн текшерүүнүн формаларын конструкциялоону болжолдойт. Билим берүүнүн принциптерин ишке

ашыруучу, азыркы дидактикалык камсыздоонун болушунда гана, инсанга багытталган процессти түзүү тууралуу сөз кылууга болот.

Инсанга багытталган өнүктүрүүчү процессти дидактикалык камсыздоону иштеп чыгууга негизги талаптар:

- окуу материалынын өзү жана аны сунуштоонун мүнөзү окуучунун субъектилик тажрыйбасынын мазмунун ачып берүүнү камсыздашы керек, мында мурдагы тажрыйбасы эске алынат;
- окуу китебиндеги же мугалим берген билимдерди баяндоо, анын көлөмүн кеңейтүүгө, предметтик мазмунду структуралаштырууга, интегрирлөөгө, жалпылоого гана эмес, ошону менен катар ар бир окуучунун өздүк тажрыйбасын кайра курууга да багытталышы керек;
- окутуунун жүрүшүндө окуучунун тажрыйбасы менен берилген билимдердин илимий мазмунунун дал келишин дайыма сактоо зарыл;
- билим алуу ишмердүүлүгүнө окуучуну активдүү стимулдаштыруу билимдерге ээ болууда өзүн өзү маалыматтуу кылууда, акылын өнүктүрүүдө, өзүн көрсөтүүдө ага мүмкүнчүлүк берүүнү камсыздашы керек;
- окуу материалы тапшырмаларды аткарууда, маселелерди чечүүдө окуучу тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондой болуп уюштурулушу керек;
- окуу материалын түшүнүүнүн абдан маанилүү жана эффективдүү ыкмаларын өз алдынча тандоого жана пайдаланууга окуучуларды активдүү стимулдаштыруу зарыл;
- окуу аракеттерин аткаруунун ыкмалары жөнүндө билимдерди ишке ашырууда окуу ишинин жалпы логикалык жана спецификалык предметтик ыкмаларын, инсанды өнүктүрүүдөгү алардын функцияларын эске алуу менен бөлүп көрсөтүү зарыл;
- натыйжаны гана текшерүүнү жана баалоону камсыздабастан, башкысы – окуу процессин, б.а., окуу материалын өздөштүрүү менен, окуучу ишке ашыра турган кайра курууларды, трансформацияларды текшерүүнү жана баалоону камсыздоо зарыл;
- билим берүүчү материал субъектилик ишмердүүлүк катары окуутууну курууну, ишке ашырууну, рефлекциялоону, баалоону камсыздашы керек.

Мугалимдин позициясы:

- окуучуунун субъектилик тажрыйбасын баалоо
- ар бир баланын жекече жөндөмдүүктөрүн өнүктүрүү
- ар бир адамдын жекечелигин, өзүнчөлүгүн, өзүн-өзү баалоосун таануу

Окуучунун позициясы:

- окуу-тарбия процессинин элементтерин эркин тандоо;
- өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү аныктоо, өзүн-өзү ишке ашыруу.

Окуучу үчүн да, мугалим үчүн да сабак кызыктуу болот, сөздүн кеңири түшүнүгүндө, ал качан заманга ылайык болгондо. Заманга ылайык, азыркы – бул абдан жаңы, мурунку менен байланышын үзбөгөн, бир сөз менен айтканда – актуалдуу. Актуалдуу (лат. actualis – ишкердүү) азыркы учур үчүн маанилүү, олуттуу дегенди билдирет. Дагы азыркы учурда жашаган адамдын кызыкчылыктарына түздөн түз мамилеси бар таасирдүү, заманга ылайык, азыркы дегенди да түшүндүрөт. Мындан сырткары, эгер сабак заманга ылайык болсо, анда ал сөзсүз келечекке негиз салат.

Ошондуктан заманга ылайык сабак инсанга багытталбаган болбошу керек. Айрыкча бул адабият сыяктуу спецификалык предметке тиешелүү. Мугалим өз окуучуларынын жанында болуп, жаш окурмандардын сезимдери менен ойлорун угуп, өз предметинин

сырларын аларга ачып берет. Андыктан көркөм чыгарманын тексти менен ар бир жаңы таанышуу эстен кеткис болуп калат.

Мен жана менин окуучуларым үчүн А.А. Феттин чыгармачылыгы менен таанышуу («А.А. Фет. Сырдын жандырмагы» долбоору) (10-класс), ошондой эле, А.А. Ахматованын өмүр баяны жана чыгармачылыгы боюнча «Мен ыр жана тагдыр болдум...» аттуу адабий-музыкалык композиция мындай таанышуулардын мисалдары болуп калды.

Чыгармачыл, кызыктуу мындай таанышуулар алдыда дагы көп болот деп үмүт кылам. Материалды издөө, өтө зарыл нерселерди тандоо жана конструкциялоо боюнча окуучулар менен иштеп жатып, мен мындай тыянакка келдим: мугалимдин позициясы сөзсүз өзгөрүп турушу зарыл. Мугалим 90% жүктү өзүнө алган салттуу билим берүүнүн «Бир актердун театрынан» баштап, ал акырындык менен окуучулары менен жүктү бөлүшөт, иш жүзүндө «объектиден» «субъектиге» өтөт. Өнүктүрүүчү сабакта окуу ишмердүүлүгүнүн жарымы окуучуларга өтөт, ал эми инсанга багытталган октууда окуучу анын көпчүлүк бөлүгүн аткарат. Мугалим мында өзүнүн негизги функциясынан – окутуудан бошотулбайт. Ал жаңыча окутууну баштайт.

### Колдонулган адабияттар

1. Алымов Б. Тандалган эмгектер. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн [Текст] Б.Алымов. КУУ, 2012.
2. Байгазиев С.О. Адабият жана этнопедагогика - муундарды социалдаштыруунун кубаттуу куралы. [Текст] С.О.Байгазиев. – Б.: 2016.
3. Байгазиев С.О. Окутуунун интерактивдүү методу. [Текст] С.О.Байгазиев. – Б.: 2004.
4. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-басылышы [Текст ] И.Бекбоев – Б.: Бийиктик, 2011.
5. Кукушкина В.С. Этнопедагогика / Учебники и учебные пособия для высших учебных заведений. - М.: Издательство Московского психолого-социального института. 2002.
6. Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери. [Текст] Мамбетакунов Э., Сияев Т.Б. – Б.: 2002.
7. Муратов А.Ж. Окутуунун жаңы технологиялары [Текст] А.Ж. Муратов. – Б.: 2017.